TÜRK PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC STATES

ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРДИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ, ТАБИГЫЙ РЕСУРСТАР ЖАНА САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО БОЮНЧА КОМИССИЯ

**СЕГИЗИНЧИ ЖЫЙЫН**

**2023-жыл 6-март, Баку**

**Сунуштамалар**

# ТҮРКПА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨРДӨ БИОТҮРДҮҮЛҮКТҮ КОРГОО

Парламенттик Ассамблея:

Биологиялык ар түрдүүлүк ТүркПА мүчө мамлекеттердин ийгиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө негизги коркунуч туудурушу мүмкүн болгон эң олуттуу экологиялык жана социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн бири экенин ***эске алып***;

Жер кыртыштын жана суу объектилеринин кычкылдануу деңгээлинин жогорулашын, биоартүрдүүлүктүн жоголуушун, жер кыртыштын эрозиясын жана калдыктардын жана булгануулардын көбөйүшүн камтыган экологиялык кесепеттерге байланыштуу ***тынчсызданууларды эске алып***;

ТүркПА мүчө мамлекеттер кошулган жана кабыл алган биологиялык ар түрдүүлүк боюнча эл аралык конвенцияларды жана мыйзамдарды ***эскертип***;

Биологиялык ар түрдүүлүктү адамдын жашоо сапатынын маанилүү элементтеринин бири, демек ТүркПА регионундагы ар бир мамлекеттин өнүгүүсүнүн маанилүү фактору катары ***карап***;

ТүркПА мүчө мамлекеттерде жаратылыш ресурстарын экологиялык жактан пайдалануу боюнча семинарларды, форумдарды жана башка иш-чараларды өткөрүүгө ***колдоо көрсөтүп***;

2015-жылдын сентябрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган БУУнун Туруктуу өнүктүрүү максаттарын (ТӨМ), ошондой эле биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана туруктуу пайдалануу үчүн глобалдык өнөктөштүккө жана аймактык кызматташууга өзгөчө маани берген эл аралык негиз болуп саналган Биологиялык ар түрдүүлүк боюнча Конвенциясын ***колдоп***;

Парламенттер жаратылыш ресурстарын туруктуу башкарууну камсыз кылууда өкмөттөрдү пайда болгон экологиялык чакырыктарга тез жана натыйжалуу жооп кайтарууга чакыруу менен негизги ролду ойношун ***эске алып***;

Мүчө мамлекеттердин парламенттеринин ортосундагы кызматташтык эки же көп тараптуу макулдашуулар аркылуу, ошондой эле алардын эл аралык жана аймактык адистештирилген уюмдар менен кызматташтыгы болуп жатканын ***белгилеп***;

Ассамблея ТүркПА мүчө мамлекеттердин парламенттерине төмөнкүнү сунуштайт:

a) мүчө өлкөлөрдүн мыйзамдарын шайкеш келтирүү жана жакындатуу иретинде биологиялык ар түрдүүлүктү башкаруу боюнча мыйзамдык базаны *өркүндөтүү*;

b) өлкөнү өнүктүрүүнүн маанилүү жана стратегиялык милдети болуп саналган жаратылыш ресурстук потенциалын сактоо үчүн жоопкерчилик сезимди калыптандырууда калктын социалдык активдүүлүгүн *жогорулатуу*;

*c)* бул маселе боюнча мүчө өлкөлөрдүн натыйжалуу аймактык жана эки тараптуу кызматташуусун кеңейтүүгө багытталган *күч-аракеттерди жумшоо*;

d) ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн тиешелүү тармактардагы кызматташуусунун башка артыкчылыктарын *аныктоо*;

e) маалымат жана тажрыйба алмашуу, окутуу жана биргелешкен изилдөө программалары сыяктуу тармактарда аймактык жана эки тараптуу кызматташтыкты *бекемдөө*;

f) мүчө өлкөлөрдөгү биологиялык ар түрдүүлүктү коргоого байланышкан мыйзамдарды *изилдөө*, тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдарды жакындаштыруу үчүн тиешелүү документтерди чогултуу жана талдоо.